# ПРЕСС-РЕЛИЗ

**ММК үчүн байланыш маалыматы**
**Нургуль Джаманкулова**
ӨСИ маалымат саясаты боюнча серепчиси
Тел./факс: 0312 62-07-60, 66-26-79
Э-почта: nurgul.jamankulova@gmail.com

## «Күчтүү жергиликтүү өз алдынча башкаруу – Кыргыз Республикасындагы туруктуулуктун, улут аралык ынтымактын, адамдын жашоосу жана өнүгүүсү үчүн шарт түзүүнүн негизи»

Азыркы мезгилде жергиликтүү өз алдынча башкарууга карата мыйзам чыгаруу реформасы бурулуш этабында турат. Акыркы мезгилдеги мыйзам чыгаруу чечимдери ортодогу мүнөзгө ээ болуп, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун келечектеги стратегиялык багыттарын жана элесин иштеп чыгуу үчүн, кызыкдар тараптардан белгилүү бир аракеттер талап кылынат.
Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өнүгүүсүнүн стратегиялык багыттарын жана орточо мөөнөттөгү перспективада өлкөнүн жыргалчылыкка жетишүүсүнү анын ролун талкуулоо максатында, *2011 жылдын 19 июлунда Ош облустук Т.Сатылганов атындагы китепканасында* «Күчтүү жергиликтүү өз алдынча башкаруу – Кыргыз Республикасындагы туруктуулуктун, улут аралык ынтымактын, адамдын жашоосу жана өнүгүүсү үчүн шарт түзүүнүн негизи» деген аталыштагы «тегерек стол» өткөрүлөт (программасы тиркелген).

Иш-чарага Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин, Өкмөтүнүн, минестерстволорунун жана ведомстволорунун, жергиликтүү өз алдынча башкаруу орргандарынын өкүлдөрү, серепчилер, донорлор жана өкмөттүк эмес уюмдардын өкүлдөрү катышмакчы. Аталган иш-чара «Кыргызстан – Сорос» Фондунун каржылоосунда БУУӨПнын катышуусу менен ар жыл сайын жазылуучу Адамды өнүктүрүү тууралуу Улуттук докладды даярдоонун алкагында уюштурулууда. Быйылкы жылы бул доклад, башкаруу органдарынын ичинен конкреттүү инсанга эң жакын башкаруу чөйрөсү катары жергиликтүү өз алдынча башкарууга арналмакчы.

Талкуулоонун натыйжасы катары, ЖӨБну өнүктүрүүнүн бир нече маанилүү багыттары боюнча стратегиялык рекомендациялардын жана (азыркы мезгилге чейин Кыргыз Республикасында жергиликтүү өз алдынча башкаруунун «элеси» иштелип чыга элек) ***ЖӨБ 2020 жана 2030 «элестеринин»*** иштелип чыгуусу күтүлүүдө. Ал рекомендациялар жергиликтүү өз алдынча башкарууга багытталган 2011-2012 жж. үчүн даярдалуучу Адамдын өнүгүүсү жөнүндө Улуттук докладдын концепциясынын негизине коюлмакчы. Өз кезегинде, Улуттук доклад жергиликтүү өз алдынча башкаруунун узак мөөнөттүү Улуттук стратегиясын иштеп чыгуу үчүн негиз болуп калат.

«Тегерек столго» катышууну каалаган ММК өкүлдөрүн катышуу ниети тууралуу алдын ала төмөндөгү телефондор же э-почта аркылуу 2011 жылдын 18 июлу, саат 18ге чейин маалымдап коюшун суранабыз: 0312 62-07-60, 66-26-7, nurgul.jamnkulova@gmail.com